## ОРОЗО АЙТЫҢАР МААРЕК БОЛСУН!

*24-майда мусулмандардын улуу майрамы Орозо айт белгиленет. Майрам жекшембиге туш келгендиктен, кийинки жуманын дүйшөмбүсү Кыргызстанда дем алыш күн.*

## МАСАЛИЕВ МАНДАТЫН ТАПШЫРДЫ

*Жогорку Кеңештин депутаты Исхак Масалиев 25-майдан тарта депутаттык мандатын өз ыктыяры менен тапшыра тургандыгын жарыялады.*

## ТӨӨ БУУРЧАКТЫН ПАЙДАСЫ

*Кечээ, 21-майда төө буурчак экспорттоо менен алектенген таластык 50гө жакын ишкер биригип, үч күндө топтогон 5 миллион сом каражатка Талас облусунун аймагындагы ооруканаларга үч тез жардам унаасын жана медициналык жабдууларды тартуу кылышты.*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин Тоо

№40 (3112)

WWW.ERKINTOO.KG

Жума, 2020-жылдын 22-майы

# САНАРИПТИН САТЫ КЕЛДИ

*Коронавирус пандемиясынын айынан эл аралык маанидеги маселелерди виртуалдык режимде аралыктан талкуулоо дүйнөдө кеңири колдонулууда. 18-майда видеоконференция ыкмасы менен өткөн Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо ассамблеясынын 73-сессиясында 194 өлкөнүн өкүлдөрү пандемияга байланышкан кырдаалды кызуу талкуулашты. Ал эми 19-майда Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин кезектеги жыйыны да ушундай форматта өтүп, ага Президент Сооронбай Жээнбеков катышты.*

2-БЕТТЕ

## КӨЛҮКТҮҮНҮН КӨӨНҮ ТОК

*25-майдан тарта борбор калаабызда автобус, троллейбус жана маршруттук кичи автобустар сыяктуу коомдук унаанын түрлөрү жүрө баштайт. Жүргүнчүлөргө коюлган талап: беткапсыз унаага түшүүгө болбойт, мындан сырткары аралыкты сактоо зарыл.*

4-БЕТТЕ

## КОРОНАВИРУС ХРОНИКАСЫ

*21-майга карата вирус жуккан адамдардын саны Казакстанда – 7234, Өзбекстанда – 2950, Тажикстанда – 2140, Кыргызстанда – 1313, Россияда – 317 554, дүйнө жүзү боюнча - 5 001 494 адамды түздү. БСУ өткөн суткада дүйнөдө рекорддук санда - 106 миң кишиге вирус жуккандыгын билдирди. Каза тапкандардын саны 328 227ге жетти.*

## ЛЕНИН ЖАНА ӨГӨДЭЙ-ХАН

*Бүгүн, 22-майда Улан-Батордогу “Мон Art” жана “Only art” галереялары тарабынан онлайн-аукцион өткөрүлөт жана анда пролетариаттын жол башчысы Владимир Ильич Лениндин күмүш жиптер менен түшүрүлгөн портрети сатыкка коюлду. Анын баштапкы баасы болжол менен 357 миң доллар деп белгиленди. Сатылуучу картиналардын арасында Чынгызхандын үчүнчү уулу Өгөдэй-Хандын да портрети бар.*

**Окурмандардын эсине:**
**Гезиттин кийинки саны 29-майда жарык көрөт.**

# ЕАЭБге МҮЧӨ-МАМЛЕКЕТТЕРДИН КЫЗМАТТАШУУСУ: КАДАМ АРТЫНАН КАДАМ

## БИРИМДИКТИН ИЧКИ БАЖЫ ТАРМАГЫНДАГЫ ТОСКООЛДУКТАР ЖОЮЛУШУ КЕРЕК

***19-майда Президент Сооронбай Жээнбеков Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин (ЖЕЭК) видео-конференция форматындагы кезектеги жыйынына катышты.***

Жыйында евразия интеграциясын тереңдетүүнүн актуалдуу маселелери, аны жакынкы жылдарда өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары, ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин макроэкономикалык саясатынын негизги багыттары жана башка маселелер каралды.

ЖЕЭКтин мүчөлөрү болуп Кыргыз Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын Президенттери жана Армения Республикасынын Премьер-министри саналат. ЖЕЭКтин жыйынына байкоочу мамлекеттин башчысы катары Молдова Республикасынын Президенти да катышты.

Жыйында сөз сүйлөгөн Президент Сооронбай Жээнбеков «Бүгүнкү шартта ЕАЭБ ичинде товарлардын эркин жүрүүсү азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо үчүн актуалдуу болуп калды», - деп баса белгилеп, Биримдиктин ички бажы тармагындагы тоскоолдуктарды жоюу маселесине көңүл бурду. Мамлекет башчысы «биринчи керектелчү продукцияларды жеткирүүдө „жашыл коридорлорду“ түзүү жөнүндө макулдашууга жетишилгенине карабастан Биримдиктин айрым мүчө-мамлекеттери тарабынан көзөмөл күчөтүлүп, азык-түлүктөрдү жеткирүүгө чектөөлөр киргизилип жатканын айтты. Буга байланыштуу Мамлекет башчысы ЕЭКтин Коллегиясына тоскоолдуктарды жойбогондорго карата айыппул санкцияларын колдонуу боюнча ЕАЭБ Сотуна кайрылуу укугун берүүнү сунуштады.

## ГАЗДЫН БААСЫНДА ДИСКРИМИНАЦИЯЛЫК МАМИЛЕ БОЛБОСУН

Президент Сооронбай Жээнбеков ЖЕЭКтин жыйынында газды ташууга тариф коюу маселеси тууралуу айтып, ЕАЭБдин бирдиктүү газ рыногун түзүү - кызматташтыктын эң маанилүү артыкчылыктарынын бири болуп саналарын баса белгиледи. «ЕАЭБдин газ рыногу өзүнүн жеке өндүрүшүнөн гана эмес, ошондой эле үчүнчү өлкөлөрдөн газ жеткирүүнү да ичине камтыйт. Газды жеткирүүгө тарифтерди түзүүдө кайсы өлкөдөн чыкканына карабастан, дискриминациялык эмес мамилелерди камсыз кылууну карап чыгуу зарыл”, - деп билдирди Сооронбай Жээнбеков.

## ЖАРАНДАРЫБЫЗГА ЖАГЫМДУУ ТРАНЗИТТИК МҮМКҮНЧҮЛҮК ЖӨНҮНДӨ

Сооронбай Жээнбеков өз сөзүндө макроэкономикалык туруктуулукту колдоо жана бизнеске бирдей шарттарды түзүү боюнча биргелешкен чараларды кабыл алуу - ЕАЭБ экономикасынын ийгилигинин негизи деп белгиледи. Ал ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикасын жана бизнесин колдоонун биргелешкен чараларын кабыл алуу боюнча ишти посткризистик өнүгүүнү эске алуу менен активдештирүү зарылдыгына токтолду.

Мындан тышкары азыркы учурдагы оңой эмес мезгилде Биримдиктин башка өлкөлөрдөгү жарандарына колдоо көрсөтүү маселесине көңүл буруп, бүгүнкү кырдаалда жарандардын мекенине кайтып келүүсү үчүн жагымдуу транзиттик

мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүү өзгөчө маанилүү, - деп белгиледи Президент Сооронбай Жээнбеков.

## БҮГҮНКҮ ШАРТТА СТРАТЕГИЯ ЖЕТКИРЕ ИШТЕЛИП ЧЫГУУГА МУКТАЖ

Сооронбай Жээнбеков «Евразиялык интеграцияны 2025-жылга чейин өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары» долбоору жөнүндө айтып, аны жеткире иштеп чыгуу керектигин белгиледи. Тактап айтканда тараптардын экономикалык өнүгүшүнө максаттуу көмөктөшүү механизмдери жөнүндө маселе толук түрдө ачылып берилиши, азыркы учурдагы терс факторлордон улам өндүрүштүн көлөмү кескин түшүп кетүүсү күтүлүп жаткандыктан, Биримдикке мүчө өлкөлөрүнүн ортосундагы өндүрүштүк кооперацияны, өзгөчө айыл чарба кооперациясын күчөтүү өтө маанилүү экенине көңүл бурду. Кыргыз тараптан Евразия өнүктүрүү банкынын жана Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун ишмердүүлүгүнүн форматын активдештирүүгө жана өзгөртүүгө басым жасалганын эске салып, жогоруда айтылгандарды эске алуу менен стратегияны жеткире иштеп чыгуу зарылдыгын айтты.

## ТРАНСПОРТ КОРИДОРЛОРУН ӨНҮКТҮРҮҮ ДЕМИЛГЕЛЕРИ ИШКЕ АША ЭЛЕК

Жыйында Мамлекет башчысы ЕАЭБдин Санариптештирүү күн тартиби кызматташуунун маанилүү аспектиси болуп саналат деп белгилеп, өндүрүштүк кызматташтыкты санариптештирүү, товарлардын санариптик көзөмөлүн түзүү, электрондук эмгек биржасы, ошондой эле санарип транспорт коридорлорун өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан демилгелер дагы эле ишке ашырыла электигин белгиледи.

«ЕЭКке Санариптештирүү күн тартибин ишке ашыруу боюнча процесстерди активдештирүүнү тапшыруу зарыл. Биримдик жаңы технологияларды киргизүүгө, биринчи кезекте товарларды көзөмөлдөөгө жана маркерлөөгө көмөктөшүүсү керек», - деп белгилеп, Россия тарапка Кыргыз Республикасында товарларды маркерлөө системасын курууга көмөктөшкөнү үчүн ыраазычылык билдирди.

# КОРРУПЦИЯГА АРАЛАШКАНДАР КИМ ЭКЕНДИГИНЕ КАРАБАСТАН ЖАЗАСЫН АЛУУГА ТИЙИШ

***Президент Сооронбай Жээнбеков Коопсуздук кеңешинин катчысы Дамир Сагынбаевди кабыл алды.***

Дамир Сагынбаев Мамлекет башчысына өлкөдөгү коррупцияга каршы багытталган чаралар боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маалымат берди. Ал Коопсуздук кеңешинин 2020-жылдын 24-январындагы чечимин ишке ашыруунун алкагында Коопсуздук кеңешинин катчылыгы көз карандысыз серепчилер менен тыгыз кызматташтыкта Кыргыз Республикасындагы коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жок кылуу боюнча 2020-2024-жылдарга карата жаңы Мамлекеттик стратегиясынын болжолдуу жумушчу долбоорун иштеп чыккандыгы тууралуу маалымдады.

Президент Сооронбай Жээнбеков мамлекеттик башкаруунун бардык чөйрөлөрүндө жана экономиканын тармактарында коррупциялык көрүнүштөрдүн тамырын кыркуу боюнча пландуу иштерди улантуу жөнүндө айтып, коррупцияга аралашкандардын бардыгы ээлеген кызматына, наамына жана мурдагы жетишкендиктерине карабастан тийиштүү жазасын алышы керектигин баса белгиледи.

«Мамлекеттик органдардагы коррупциялык тобокелдиктердин жаралышына өбөлгө боло турган көрүнүштөрдүн бардыгын толук жок кылганда гана коррупциянын азайгандыгы жана мыйзамдын үстөмдүгү тууралуу кеп кыла алабыз. Антикоррупциялык заманбап механизмдерди ишке киргизүү жана аларды дайыма колдонуу иштери токтоп калбашы керек», - деди Мамлекет башчысы.

Президент Сооронбай Жээнбеков мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндөгү коррупциялык көрүнүштөр менен күрөшүү багыттарынын бири - декларациялоо жөнүндө мыйзамдарды сактабагандыгы үчүн жоопкерчиликти катаалдаштыруу керектигин баса белгилеп, бул багыттагы мыйзамдарды жакшыртуу процессин тездетүү милдетин койду.

# АР БИРИБИЗ САНИТАРДЫК ТАЛАПТАРДЫ ТАК АТКАРУУГА МИЛДЕТТҮҮБҮЗ

***21-майдан баштап өлкөбүздө экономикалык ишмердүүлүктүн бир катар багыттары жанданды. Бул өз кезегинде ишкерлерден да, элибизден да социалдык жоопкерчиликти талап кылат. Булар тууралуда 20-майда 1-вице-премьер-министр Кубатбек Боронов Республикалык ыкчам штабдын жыйынында айтты.***

Ал белгилегендей, тармактык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү бийлик органдары туруктуу негизде текшерүүлөрдү жүргүзүп, бардык санитардык эрежелерди аткарууну күчөтүлгөн көзөмөлгө алууга тийиш.

«Беткап тагынуу, аралыкты сактоо, санитайзерлерди орнотуу жана башка санитардык-эпидемиологиялык эрежелер коомдук жайларда бекем сакталышы керек. Эң башкысы – ар бир жарандан санитардык ченемдерди катуу сактоо талап кылынат. Мындан өлкөдөгү мындан аркы эпидемиологиялык абал көз каранды. Санитардык эрежелер аткарылбаган шартта буга чейин көрүлгөн бардык чаралар жана жумшалган күч-аракеттер текке кетип, жетишкен жыйынтыктар жокко чыгат. Ошондуктан ар бир жооптуу адам санитардык талаптардын аткарылышын катуу көзөмөлдөөсү керек. Биринчи кезекте, кеп коомдук унаалар, соода борборлору жана коомдук тамактануу жайлары тууралуу болуп жатат», - деди Кубатбек Боронов.

Республикалык штабдын жыйынында жаңы обсервация үчүн орундарды даярдоо жана мындай жайлардагы тиешелүү көзөмөлдү күчөтүү, ошондой эле башка өлкөлөрдөн келип, үй карантинине алынгандар талаптарды катуу сактоосуна өзгөчө көңүл буруу боюнча тапшырмалар берилди.

**Даярдаган**
**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

Жаратмандыктын эки жылы

# КАРАПАЙЫМ КАЛККА КӨРҮЛГӨН КАМКОРДУК

***Кыргызстан эгемен мамлекет болгону социалдык көйгөйлөр эң курч маселелердин катарынан түшпөй келе жатат. Отуз жылдан ашуун жакырчылыкты жоюуга болгон аракеттер көрүлгөнү менен чеке жылытаарлык жылыштарды деле байкай албадык. Анын кесепети тышкы миграциянын олуттуу агымына алып келди. Албетте, мамлекет тарабынан калкты жумуш орундары менен камсыз кылып, ар тараптуу колдоо көрсөтүү менен кедейчиликти кандайдыр бир деңгээлде жоюуга мүмкүнчүлүктөр бар. Президент Сооронбай Жээнбековдун мамлекеттик саясатты биринчи кезекте адамдардын жашоо турмушун жакшыртууга багыттагандыгы булактын көзүн ачканга барабар болду. Буга Президенттин Басма сөз кызматы тарабынан даярдалган "Жаратмандык жылдар" китебиндеги көрсөтүлгөн маалыматтар аркылуу ынанымдуу жоопторду алсак болот.***

Өткөн жылдын эң кубанычтуу жаңылыгы - мугалимдердин айлык акыларынын 30 пайызга жогорулашы болду. Чындыгында маянанын аздыгынан мугалимдердин жетишсиздиги чоң көйгөй жаратып келди. Буга чейин эмгек акылары жогорулады деген менен реалдуу эч кандай натыйжа болгон эмес. Бул жолу эмгек стажысына жараша айлык акысын 30 миң сомдон кем эмес алган мугалимдердин сүйүнүчтөрүн гезит бетине жарыялап келдик. Мындай колдоо кыйынчылыктарга карабай өз кесибин сүйүп иштеп келе жаткан мугалимдер үчүн жакшы стимул болду. Кайра өз кесибине кайтууну каалаган мугалимдердин саны да өстү. Мамлекет тарабынан ар дайым мугалимдин кесипкөйлүгүнө жана эмгек акысына кам көрүлүп турса акырындап билим берүүнүн сапаты да жогорулай берээри шексиз.

Ошондой эле маданият мекемелеринин кызматкерлеринин маянасы 80 пайызга, спортчулардын жана машыктыруучулардын стипендиялары жана айлыктары 50 пайызга жана Илимдер академиясынын кызматкерлеринин айлыгы 30 пайызга, катардагы милиционерлердин айлыгы 40 пайызга чейин жогорулагандыгын белгилей кетели. Дарыгерлердин айлыгын көбөйтүүгө 1 млрд 260 млн сом жумшалган. Кенже тейлөөчү кызматкерлер же айдоочулар, электрик, сантехник, усталар да унутта калбай, маяналары орто эсеп менен эки эсеге жогорулады. Буга казынадан 220 млн сом каралган.

Мамлекет башчысы буга чейин социалдык жактан коргоого алынбаган категориядагы жарандардын, татаал турмуштук жагдайга кабылган балдардын жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгендердин муктаждыктарын түшүнө билип, колдоого алып жатышын боорукерликтин үлгүсү катары көрсөк болот. Колдорунда оорулуу балдары менен өз көйгөйлөрү менен өздөрү алпурушуп келе жаткан ата-энелердин оор турмушуна колдоо көрсөткөндөр дайыма эле боло бербейт. Ошондуктан, аларга аз да болсо кандайдыр бир туруктуу жардам өтө зарыл. Мына ушундай багууга жана көзөмөлгө дайыма муктаж болгон балдарын баккан ата-энелерге өткөн жылдын 1-январынан тартып 4900 сомдон айлык акы төлөнүп башталды. Оорулуу баласына колу байланып иштей албай жаткан ата-энелер үчүн бул чоң жардам болду. Ошондой эле майып адамдар үчүн социалдык жөлөкпулдун өлчөмү 33 пайызга жогорулады.

Үстүбүздөгү жылдын 1-январына карата 5369 турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар табылган. Алардын ичинен 2796 бала турмуштук оор кырдаалдан чыгарылды.

Тилекке каршы, кароосуз калган балдардын көбөйгөндүгүн балдар үйүнүн санынын өскөндүгү далилдеп турат. Жатакмектептерде тарбияланып жаткан балдардын 13 пайызы гана томолой жетим болсо, калган пайызынын ата-энелеринин бирөөсү бар. Президент Сооронбай Жээнбеков ар бир бала үй-бүлөдө мээримге бөлөнүп чоңоюшу шарт экендигин өзгөчө белгилеп, камкордук көрсөтүп келе жатат. Алсак, балдар үйлөрүн кыскартып, алардын үй-бүлөдө жашашына мүмкүнчүлүк түзүп берүү маселеси жолго коюлду. Азыр 46 бала үй-бүлөлөрдө тарбияланышууда. Учурда 70 кабыл алуучу үй-бүлөлөр үчүн талапкерлердин тизмеси даярдалган.

Бала асырап алуу өзгөчө түмөн түйшүктү жараткандыгынан улам соңку эки жылда бала багып алгандардын саны кыйла төмөндөп кеткен. Эми балдарды асыроо тартиби бир топ жөнөкөйлөштүрүлдү. Эгер буга чейин каалоочулар документ топтоо түйшүгү менен айлап алектенген болушса эми электрондук каттоого туруу менен документ чогултуу дээрлик 2-3 күндү гана талап кылат. Мындай жеңилдиктер бала багып алуучулар менен кошо баланын тагдырынын жакшы нукка бурулушуна себеп болот деген ишенимди жаратат. Анткени, жогоруда белгилеп кеткенимдей документ толтуруу машакатынан жана да толгон-токой тоскоолдуктардан ирээнжиген каалоочулардын көпчүлүгү максатынан баш тарткан учурлар аз эмес эле.

Ошону менен катар «балага сүйүнчү» жөлөкпул берүүнүн да жөнөкөйлөштүрүлгөн механизми ишке киргизилди. Баштагыдай бир нече документ топтоо машакаты жоюлуп, аны алуу мөөнөтү эки күнгө чейин кыскарды. Үч эм төрөлгөн ар бир балага 50 000 сом өлчөмүндө бир жолку жөлөкпул бериле баштады.

Учурдун дагы бир негизги көйгөйлөрүнүн бири – бюджеттик мекемелерде иштеген кызматкерлерди жеткиликтүү турак жай менен камсыз кылуу. Тилекке каршы, жалаң айлык акыга жашаган кызматкерлердин үй алышы кол жеткис кыял бойдон калып келди. Айлык акылардын жогорулашы жана мамлекет тарабынан жеңилдиктердин бериле башташы ал кыялга жетүүгө дем берди десек болчудай. Алсак, Мамлекеттик ипотека компаниясы бюджеттик чөйрөдө иштегендерге 1 млрд сомго 694 жеңилдетилген насыя берди. Мындан сырткары "Улуттук банк" менен биргеликте "Керемет банк" аркылуу 1 млрд сомдук жаңы "социалдык ипотека" программасы ишке киргизилген. Ушул жылы жеңилдетилген ипотекалык кредит берүү программасын дагы да кеңейтүү пландалып жатат. Алдыдагы июль айынан тартып бардык категориядагы жарандарга ипотекалык ставкалар 12-14 пайыздан 8-10 пайызга чейин төмөндөтүлмөкчү. Ошондой эле бала-чакалуу жаш үй-бүлөлөргө артыкчылык берилмекчи.

Жогоруда айтылган мамлекет тарабынан көрүлгөн камкордуктар элдин жашоо турмушунун алдыга жылышына акырындап өбөлгө болуп келе жатат. Өлкөбүздү өнүктүрүүгө, элдин жашоосун жакшыртууга багытталган иш-чаралар байма-бай улантыла бермекчи. Сооронбай Жээнбеков Президенттик ишинин алгачкы эки жылында учурдун көйгөйлүү маселелери бир нукка салынып, кечиктирилбей чечилип жатышы кубаттоого татый турган иш эмеспи. Алдыда коюлган дагы бир катар милдеттер жана максаттар турат. Демек, жасай турган иштер али арбын.

**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

Пандемиянын кесепети

# ДҮЙНӨДӨ 1,3 МЛРД АДАМДЫН ЖУМУШСУЗ КАЛУУ КОРКУНУЧУ БАР

***Ал эми Кыргызстанда жумушсуздардын саны 500 миңге жетиши мүмкүн - бул экономиканын бейформал секторун эске албаганда иштөөчүлөрдүн 20%ын түзөт деп айтылат Евразиялык экономикалык комиссиянын "Пандемия чакырган глобалдык экономикалык кризистин шартында макроэкономикалык туруктуулукка туулган коркунучтарга жооп кайтаруунун механизмдери" деп аталган аналитикалык докладында.***



Эксперттердин айтымында, катардагы калк үчүн эмгек акылардын кыскартылышына же убактылуу жумушсуз калууга байланыштуу үй-бүлөлүк кирешелердин азаю тобокелдиги сакталууда.

Эл аралык эмгек уюмунун акыркы эсептөөлөрү боюнча дүйнөдө 1,3 миллиард адам же дүйнөлүк жумушчу күчүнүн дээрлик 40%ы учурдагы кризистен кийин жумушсуз калуулары мүмкүн. Россияда чектөө чаралары 15,5 миллион адам үчүн туруктуу кирешесиз калуу коркунучун жаратты. Өзгөчө кырдаалдын киргизилишинен улам Арменияда 350 миң (37%), Белоруссияда 200 миң адам (иштеп жаткандардын 4,4%ы) ишсиз калат деген божомолдуу эсептер бар. Казакстанда карантинге байланыштуу ири жана орто ишканалар 9% кызматкерлерин иштен бошотууну, дагы 35%ын акы төлөнбөгөн эмгек өргүүлөрүнө жөнөтүүнү пландашууда. Жалпысынан алганда Казакстанда жумушсуз калгандардын саны 1,5 миллионго жетиши мүмкүн.

**Атай АЛТЫМЫШЕВ**

**2019-ЖЫЛДЫН 25-ДЕКАБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН АЗИЯ ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ КАРЖЫЛОО МЕХАНИЗМИ (АТАЙЫН ОПЕРАЦИЯЛАР) ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2020-жылдын 30-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

2019-жылдын 25-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Каржылоо механизми (Атайын операциялар) жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте Азия өнүктүрүү банкына жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

***Бишкек ш., 2020-жылдын 18-майы, №55***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О МЕХАНИЗМЕ ФИНАНСИРОВАНИЯ (СПЕЦИАЛЬНЫЕ ОПЕРАЦИИ) МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И АЗИАТСКИМ БАНКОМ РАЗВИТИЯ, ПОДПИСАННОГО 25 ДЕКАБРЯ 2019 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 30 апреля 2020 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение о механизме финансирования (Специальные операции) между Кыргызской Республикой и Азиатским банком развития, подписанное 25 декабря 2019 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Азиатский банк развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

***г.Бишкек, 18 мая 2020 года, №55***

мамлекеттик расмий гезити Эркин Too

Керегем сага айтам...

# БИРИНЧИ КЕЗЕКТЕ ҮЙ-БҮЛӨҢӨРДҮ, ЭЛ-ЖУРТТУ ОЙЛОГУЛА!

Жакын арада жай турмушка кайтып, эки айдан бери токтоп турган соода түйүндөрү, коомдук транспорттор ишке кирүү алдында турат. Жай турмушка кайтууга тоскоол болбой, ар бир кыргызстандык жарандык милдети катары үйдө болуп, сырттан келгендер обсервацияда жата тургандары оң. Акыркы күндөрү вирус сырттан келгендерден чыгып жатканын Өкмөт мүчөлөрү үзгүлтүксүз маалымдоодо. Бүт өлкөлөр чек араларын жапкандан тарта Өкмөт чет өлкөлөрдөгү кыргызстандыктардын 3500дөн ашуунун мекенине кайтарды. Акыркы убакта Оренбургдан 164 мекендешибиз чартердик каттам менен келгенин штабдан билдиришти. Мындан сырткары автобустар менен келишээри да айтылууда. Жаңы келгендер да адаттагыдай обсервацияда болушат. Мекенге кайткан кыргызстандыктарды элден обочо кармоонун негизги максаты – эң алды алардын бир тууганларынын, ата-энесинин, жубайынын, балдарынын ден соолугунун камын көрүү. Тагыраагы, ден соолук сакчыларынын буга чейин күндөп-түндөп кылган эмгегин талаага кетирбей, обсервация күндөрү аяктаганча элден обочолонгону туура. Жаңы келгендерде вирус жок деп ким кепилдик бере алат. Белгилүү болгондой иммунитети жогорулардa оорунун белгилери байкалбаса да, вирусту жуктуруучулардын милдетин аткарышат. Канча жылдап, айлап мекенден, үйбүлөдөн алыста жүрүп Кыргызстанга келгенде элден обочо кармалууну врачтар деле түшүнүшөт. Бирок, обсервация эрежелерин сактабай кызуу кандуулукка алдыруу менен канчалаган кыргызстандыктарга вирус жуктурушат. Өзгөчө жаштар үйүңөрдө силерди күткөн ата-энеңер бар экендигин унутпагыла. Учурдагы вирус жашы улгайып калгандарга, өнөкөт оорулары барларга коркунучтуу экенин медицина кызматкерлери саат сайын айтып жатышат. Ал тургай, Россиядан келген уулунан энесине жугуп, энесинин көзү өтүп кеткени буга далил.

Жакында эле Россиянын Соль-Илецк шаарынан келгендер бийлик өкүлдөрүнө баш ийбей, врачтарга бир катар кыйынчылыктарды жаратышкан. “Семетей” обсервациясынан чыр-чатак чыгарышып, үй карантинине жиберилген. Кийин кошумча 5 күндүк карантинге алынгандыгы маалымат айдыңына тарады. Туура, облус элинин коопсуздугу үчүн Таластын Талды-Булак постуна келген 51 жаран обсервацияга алынган. Буга чейин алардан ПЦР анализдери алынып, жыйынтыгы жакшы чыкса да кайрадан анализ алышкан. “Обсервацияга алынгандарга бийлик өкүлдөрү күч колдонду”, - деген маалымат социалдык түйүндөргө тараган. Тескерисинче, сырттан келгендер жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө баш ийбей түйшүк жаратышкан. Аларга түшүндүрүү иштеринен кийин гана карантинге макул болушкан. Сырттан келген мигранттар ызы-чууга алдырбай, санитардык эрежелерди сактоого милдеттүү. Ансыз да Соль-Илецктен келген мигранттардын 101инен вирус аныкталганын медицина кызматкерлери билдиришкен.

Буга чейин обсервацияда жаткандардын качууга аракет кылышканы, тез жардам кызматкерлерине кол салышканы, кийимдерин тытканы, “Тез жардам” унаасын оодаруу аракетин көрүшкөнү социалдык баракчаларга тараган. Кызуу кандуулукка алдыруу менен коңшу мамлекеттерге терс жагыбыз менен таанылуудабыз. Дал ушундай аракеттерден кийин Россия кайрадан кыргызстандык эмгек мигранттарын кабыл алабы? Аларга да мыйзамга баш ийген эмгек мигранттары керек.

Өкмөт мүчөлөрү колунан келген аракеттерди көрүп жатат. Ошондой болсо да маалымат айдыңдарында, жеке баракчаларында “Коронавирус жок, Өкмөт элди жөн гана алдап жатат, Өкмөт өз элин талаага калтырды, элчилик карабай жатат” деген сыяктуу элди козуткан үндөөлөр да жок эмес. Кээ бир сайттардын, журналисттердин маалыматтарына койгон темалар да адамды шок абалга салат. Андыктан, ар бирибиз өзүбүздү көзөмөлгө алсак. Бардык милдетти Өкмөт мүчөлөрүнө, жергиликтүү бийликтегилерге сала бербей, вирустун жайылуусунун алдын алууга, кыйын кырдаалдан чыгууга Кыргызстандын эли да тартипти сактоо менен жардам берүүбүз керек. Элибиздин коопсуздугу үчүн санитардык, карантиндик эрежелерди сактоого темирдей тартип гана керек.

**Асел БАРЫКТАБАСОВА**

Сабырдын түбү сары алтын

# БУЛ КҮНДӨР ӨТӨТ, ЖАШООБУЗ АЛГА ЖЫЛАТ

***Кыргызстанда коронавируска байланыштуу 25-мартта киргизилген карантиндик чектөө чаралары жумшартыла баштады. 21-майдан тарта мамлекеттик каттоо кызматынын мекемелери, курулуш тармагы, автомобилдерди тейлөө борборлору иштөөлөрүн жандандырды.***

Булардан тышкары, бут кийим оңдоо, эмерек жыйноо жана оңдоо; соода борборлору (балдар үчүн көңүл ачуу зоналарынан тышкары); буюм-тайым базарлары менен дүкөндөр, автомобиль жана мал базарлары иштей баштады. Ошондой эле үй-бүлөлүк мончолордун, мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө уруксат берилди. Коомдук мончолор менен сауналар гана азырынча иштебейт.

Ал эми 25-майдан тарта “Дордой”, “Орто-Сай”, “Ош”, “Кара-Суу” жана региондордогу башка базарлардын кийим-кечек катарлары, 50дөн ашпаган оруну бар кафе-ресторандардын иштөөсүнө уруксат берилет.

“Тизмеге кирбей калган экономикалык чөйрөлөрдүн маселеси 1-июндан тарта каралат”, - деп билдирди 19-майда Өкмөт үйүндө өткөн брифингде өлкөбүздүн биринчи вице-премьер-министри Кубатбек Боронов.

Бишкекте 25-майдан тарта автобус, троллейбус жана маршруттук кичи автобустар сыяктуу коомдук унаалар жүрө баштайт. Жүргүнчүлөр беткап тагынуу режимин сактоо менен орундуктарга ылайык гана ташылат. Салондогу туруу аралыгы 1,5-2 метр болушу милдеттүү шарт.

Бишкек шаарынын вице-мэри Азиз Алымкуловдун 20-майда Өкмөт үйүндө брифингде айткан маалыматына караганда, борбор калаада маданий, спорттук, илимий, үй-бүлөлүк иш-чараларды өткөрүүгө, оюн-зоок мекемелеринин, балдар үчүн оюн аянтчаларынын, интернет-клубдардын, компьютердик-оюн жайларынын, балдар бакчаларынын иштөөсүнө уруксат берилбейт.

**Атай АЛТЫМЫШЕВ**

Жаздын бир күнү жылды багат

# ТОКТОГУЛДА БУУДАЙ ЖЫЛДАГЫДАН КӨП АЙДАЛДЫ

***Биз Токтогул районуна барганыбызда акимдин орун басары Нурболот Кожобергеновго кезигип, райондо жүргүзүлүп жаткан иштерди сурадык. Ал буларды айтып берди:***

- Быйыл Өкмөттүн тапшырмасы менен буудайды айдап-себүү иштери жакшы колго алынды. Биз дагы өзүбүз демилгелеп, айыл өкмөттөр менен сүйлөшүп, айдоо жерлерди көбөйтүү иштерин аткардык. Айыл чарба министрлиги 50 тонна үрөн маселесин 30% дотация менен чечип берди. Калганын эл өзү тапты. Чүйдүн үрөнчүлүк чарбалары менен сүйлөшүп бердик. Буудайдын эгин аянты 320 га деп бекитилсе, бүгүнкү күндө 575 гектар жерге буудай айдалды. Жер-жерлерди кыдырганыбызда буудайдын өсүшү жакшы болуп келатканын көрдүк. Анткени, жаан-чачын көп болуп, өсүмдүктөрдүн өсүшүнө жакшы таасир берүүдө. Токтогулда келки буудай аянтарын айдай турганга жери бар негизги эки айыл өкмөт бар, алар: Үч-Терек жана Өзгөрүш. Торкент жана Бел-Алды айыл өкмөттөрү да буга кошулууда. Биздин максат – буудайды жакшы өстүрүп, жыйнап алуу. Былтыр бир комбайн атайын фонддун эсебинен алынган, дагы бир комбайнды быйыл сатып алалы деп турабыз. Буудайдан сырткары, төрт айыл өкмөткө жүгөрү өстүрүү, үч айыл өкмөткө картошка айдоо тапшырмалары берилген. Бул тапшырма боюнча дээрлик бардыгы аткарылып, айрым жерлерде ашыкча айдалды. Эми ушунун өсүшүнө, дыйкандарга шарт түзүп берүүгө, анын коромжусуз жыйналышына шарт түзүп беребиз. Токтогул районунда 100 миң калк бар.

Өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылынын алкагында жылдын башынан бери мекемеуюмдарга, ишканаларга тапшырма берип, калкты тейлөөнү жөнөкөйлөштүрүү маселесин койгонбуз. Ал боюнча бирдиктүү терезелер уюштурулуп, видеобайкоолор коюлган. Бардыгын тутумдаштырып, отчёттуулукту бир системага келтирүүгө өтөлү деп калганбыз, тилекке каршы карантинге жабылып калдык. Ошондон бери айылдарды тынбай кыдырып, темирдей тартипти орноттук. Токтогул районунан вирус чыккан жок, таза турабыз. 13-14-майдан бери мал базарлардын иштөөсүнө уруксат берилди.

Биздин негизги максат – районубуздагы элдин саламаттыгын, коопсуздугун коргоо, мамлекеттин саясатын элге туура түшүндүрүү.

**Сымбат МАКСУТОВА**

## ТАКТОО

Гезитибиздин 2020-жылдын 19-майындагы санына жарыяланган Сымбат Максутованын “Малга мамиле мал базардан башталбайт” аттуу макаласындагы Токтогул районундагы мал базар ээси, белгилүү акын-жазуучу Бактыгүл Чыныбаева деген фамилия Бактыгүл Сейитбекова деп оңдолуп окулушун өтүнөбүз.

# Эркин Too

# ЭРИНБЕЙ ЖООП БЕРЕТ

**УРМАТАЕВА Мунара,**
**Сокулук районунун тургуну:**

***- Менин 1, 2, 8, 10, 12 жаштагы беш балам бар. Алардын ар бирине 810 сомдон жөлөкпул алчубуз. 2019-жылдын февраль айынан тарта ала баштагам. Жолдошумдун азыраак үлүш жери бар болчу. Азыр аны пайдаланбайбыз. Жада калса чөбүн оруп албайбыз. Жолдошум экөөбүздүн тең туруктуу ишибиз жок. Бирок, Сокулук районунун тиешелүү мекемесинен биздин үлүш жерибиздин бар экендигин айтышып, бул жолу жөлөкпул ала албайсың деп жатат. Ушул маселе боюнча Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине кайрылып, кеңеш сурап беришиңиздерди өтүнөбүз.***

Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин мамлекеттик жөлөкпулдар бөлүмүнүн кызматкери Турганбаева Айкөл жооп берет:

*- Жогорудагы жаран учурда жөлөкпулун алып жатат. Урматаева Мунара сиздерге шашылыш маалымат берген. Сокулук райондук эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы тарабынан бул үй-бүлөгө бир жылга чектелген "Үй бүлөгө көмөк" программасы менен жөлөкпул берилип келген. Башкармалыктан адистер барышып, үй-бүлөнүн акыбалына карап, жөлөкпулду дагы бир жылга чектөөнү чечти. Жер үлүштөрү боюнча да нормативдер бар. Анын негизинде каралганда деле үлүшү жөлөкпулду чектегенге жол бербейт экен.*

**«Үй-бүлөгө көмөктү» төмөнкү үй-бүлөлөр ала алат:**

- 16 жашка чейинки балдары бар;
- Үй-бүлөдө бир адамга бир айлык киреше кепилденген эң төмөнкү киреше-ден, б.а.;
- 1000 сомдон төмөн болсо.

"Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун дайындоо үчүн факт түрүндө жашаган жери боюнча эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгына кайрылуу керек, муну менен катар катталган жери мааниге ээ эмес.

**«Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун дайындоодо эске алынат:**

- айлык акы, стипендия;
- ишкердик ишинен түшкөн кирешелер (салык органдарынын маалымкатынын негизинде);
- жерди, үйгө караштуу участокту иштетүүдөн, мал чарбасынан түшкөн кирешелер (айыл өкмөтүнүн маалымкатынын негизинде) жана башкалар.

**«Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун дайындоодо төмөнкү кирешелер эске алынбайт:**

- пенсиянын бардык түрлөрү;
- мамлекеттик жөлөкпулдар;
- сөөк коюу үчүн жөлөкпулдар;
- кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдар;
- жумушсуздук боюнча жөлөкпулдар жана башкалар.

**Жөлөкпул дайындалбайт, эгерде үй-бүлөдө бар болсо:**

**иштеген абалдагы:**

- даярдоочу завод чыгарган жылы 20 жылдан аз колдонуу мөөнөтү болгон, ошондой эле даярдоочу завод чыгарган жылды кошкондо 20 жылдан ашык колдонуу мөөнөтү менен, кыймылдаткычынын 2000 жана андан ашык куб сантиметрдеги иш көлөмү бар жеңил автомашина (2 жана андан ашык литр);
- (трактор, комбайн);
- оор жүк ташуучу автомобиль;
- микроавтобус.

– Үй-бүлөдө болгон айыл чарба жандыктары МЖнын шарттуу бирдиктерине которулгандан кийин, МЖнын саны үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө 4төн көп болсо.

**Ооба, "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун алган үй-бүлөлөр өзгөрүүлөр болгон күндөн тартып беш күндүн ичинде эмгек жана социалдык өнүгүү органдарына маалымдоого тийиш, эгерде:**

- үй-бүлөнүн кирешеси өзгөргөн болсо;
- үй-бүлөнүн курамы өзгөрсө;
- үй-бүлө туруктуу жашоо үчүн республиканын чегинен тышкары көчүп кетсе;
- жөлөкпул алуучу каза болгон учурда;
- же башка шарттарда.

Муну менен катар жөлөкпулду негизсиз дайындоого алып барган жагдайлар болгондугу тууралуу өз убагында кабар бербеген үй-бүлөгө "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун төлөө бул факты аныкталган учурдан тартып токтотулат.

Мыйзамсыз берилген акча каражаттары республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш, ал эми "үй-бүлөгө көмөктү" жаңы дайындоо тууралуу арыз 12 ай ичинде кабыл алынбайт.

«Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулунун өлчөмү 810 сомду түзөт.

Эгерде үй-бүлө райондук коэффициенттер белгиленген бийик тоолуу, алыскы же жетүүгө кыйын жерде жашай турган болсо, анда жөлөкпул коэффициенттерди эске алуу менен төлөнөт.

**ГУЛЖАЙНА,**
**Бишкек шаары:**

***- Балам жаңы эле үйлөндү. Ал – менин жалгыз уулум. Азыркы жашаган батирибизди ага белекке берейин деп жаткам. Батирди белекке берип жатып мен да балама кандайдыр бир шарттарды койсом болобу? Анткени алар жаңы үйлөндү, ар кандай маселелер чыгышы ыктымал.***

*- Балаңызга батирди белекке берүү бул сиздин эркиңиз. Эч кандай акча албай туруп белекке бересиз. Бирок, сиз ага мындайда шарт коё албайсыз. Болгону өмүр бою сизди камкордукка алуу боюнча келишим гана түзө аласыз. Батирди алган тарап мындай учурда сизди камсыз кылып турууну мойнуна алат.*

**АДИЛЕТ,**
**Бишкек шаары:**

***- Мен ипотекага үй алгам. Мындан эки жыл мурун бойдок кезимде алган үйүмдүн акчасын төлөп келе жаткам. Жакында үйлөндүм. Мындан ары буга төлөгөн сумма экөөбүздүн атыбыздан төлөндү деген таризде болуп калабы. Батирге аялым да ээлик кылып калабы?***

*- Мындай учурда үй түгөйлөрдүн мүлкү деп эсептелип калат. Бирок, бул шарт туура эмес. Анткени, сиз мурда төлөмдөрдү өз чөнтөгүңүздөн төлөп жүргөнсүз. Аны тастыктоочу документтер бар. Бул жагдай боюнча сотко кайрылып, үй боюнча маселени чечип алса болот.*

**БАКЫТ,**
**Жалал-Абад шаары:**

***- Жубайым менен ажырашып кеткениме 3 жыл болду. Ортобузда эки кыз бар. Акыркы кездерде мурунку жубайым мени менен 2 кызымды жолуктурбай жатат. Мен аларга каралашып, каражат которуп турам.***

*- Сиздин акча каражат которуп тургандыгыңыз тууралуу кагаздар бар. Аларды тактаңыз да сотко кайрылыңыз. Сот сиз менен кыздардын жолугуусу үчүн убакыт бөлөт. Дагы бир айта кетчү нерсе, нотариус аркылуу жубайыңыз менен кыздарга жолугуучу убактыны такташып, келишим түзүп алсаңыз болот.*

**Юридикалык суроолорго адвокат Рустам Абдурауфов жооп берди.**

**Бакыт ЮСУПОВ,**
**Сокулук районунун тургуну:**

***- Биз акыркы айларда кредиттерди терминал аркылуу төлөй баштадык. Төлөмдөр канча убакытта эсепке түшөөр болду экен? Ал эми коммуналдык төлөмдөрчү?***




- "FINCA Банктын" кардарларды тейлөө бөлүмү жооп берет:

*- Саат 17.00гө чейинки жүргүзүлгөн Банк кредитинин төлөмү ошол күнгө эсептелет. 17.00дөн кийин жүргүзүлгөн Банк кредитинин төлөмү кийинки күнгө эсептелет. Мобилдик операторлордун, интернет провайдерлердин, кабельдик/санариптик тележөрсөтүүлөрдүн төлөмү ошол учурга эсептелет. Коммуналдык сектордун төлөмү 3 иш күнүнүн аралыгына эсептелет.*

**НУРАЛИЕВА Турсунай,**
**пенсионер:**

***- Пенсионерлер үчүн «Камсыздандырылган адамдын өздүк кабинети» ачылыптыр. Мунун бизге кандай пайдасы бар болду экен?***

Социалдык фонд жооп берет:

